# Билим Бишкек «Deneyap» технологиялык студиясынын окуучуларды тандоо сынагы 2025.

## Көп берилген суроолор

**1- «Deneyap» технологиялык студиясы деген эмне?**

**Жооп:** «Deneyap» технологиялык студиясы — Улуттук технология демилгесине салым кошуу максатында түзүлгөн борборлор. Бул борборлор алгачкы 24 ай долбоорго негизделген сабактарды жана андан кийин 12 айлык командалык ишмердүүлүк мезгилин камтыган этаптык окутуу моделин сунуштайт**.** «Deneyap» технологиялык студиясынын катышуучуларына (же окуучуларына) бетме-бет жана онлайн форматта **11 ар түрдүү программа** боюнча **36 ай боюу акысыз** технологиялык билим берилет.

## КАТТАЛУУ БОЮНЧА

**2- Кимдер сынакка каттала алат?**

**Жооп:** 2024-2025-окуу жылында Кыргызстандын аймагындагы 3-класста, 4-класста, 7-класста жана 8-класста окуган окуучулар сынакка катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**3- Чет элдик окуучулар катталса болобу?**

**Жооп:** Чет элдик же жарандыгы жок талапкерлер сынакка катышуу үчүн баштапкы каттоо кагазын көрсөтүүгө милдеттүү. Сынакка билим деңгээли талапка жооп берген гана окуучулар катыша алат.

**4- Эмне үчүн бардык класстар сынакка каттала албайт?**

**Жооп:** «Deneyap» технологиялык студияларында сунушталган окуу программалары эки категорияга бөлүнөт: "орто мектеп – 1-даража" жана "лицей – 2-даража".

Орто мектеп жана лицей деңгээлиндеги жаңы баштаган окуучулар үчүн окуу процесси жалпысынан 3 жыл уланат. Алар 24 ай боюу долбоорго негизделген сабактарды окуп, андан кийин 12 айлык командалык иштөө мезгилине өтүшөт.

Окуу программаларынын ийгиликтүү аякташы үчүн календардык шарттар эске алынат. Ушул себептен, орто жолдон окуп жаткан окуучулар Deneyap программасын толук бүтүрө электе бүтүрүү баскычына жетип калышы мүмкүн. Ошондуктан, сынакка катышуу укугу жөн гана белгиленген деңгээлдеги окуучуларга берилет.

**5- Буга чейин «Deneyap» технологиялык студиясында окуган же бүтүргөн окуучулар кайрадан катталса болобу?**

**Жооп:** Буга чейин «Deneyap» технологиялык студиясында билим алган окуучулар кайрадан катталууга **укугу жок.**

**6- Каттоо үчүн акыркы күн кайсы?**

**Жооп:** Каттоо үчүн акыркы күн **3-март 2025-жыл.**

**7- Сынакка кантип жана кайсы жерден катталсам болот?**

**Жооп:** Сынакка катталуу үчүн http://patent.gov.kg/ веб-сайты аркылуу каттоо формасын толтуруу керек. Катышуучулар формадагы бардык талап кылынган маалыматтарды толук жана туура толтуруусу зарыл.

**8- Катталуу учурунда эмнелерге көңүл бурушум керек?**

**Жооп:** Катталуу учурунда киргизилген маалыматтардын тактыгын жана толук берилгенин текшерүү маанилүү. Толук маалымат алуу үчүн Сынак Нускамасын карап чыгууга болот.

**9- Катталгандан кийин кандай баскычтардан өтөм?**

**Жооп:** Катталуу аяктагандан кийин, окуучу тандалган датада борбордо бетме-бет сынакка катышууга тийиш. Сынактын жыйынтыгы негизинде баалоо жүргүзүлүп, талапкерлерге жиберилет.

**10- Катталгандан кийин маалыматтарымды жаңырта аламбы?**

**Жооп:** Система аркылуу маалыматтар бир жолу гана киргизилет**.** Андыктан, өзгөртүү мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, каттоо жүргүзөөрдөн мурун бардык маалыматтардын тактыгын текшерүү зарыл.

**11- Сынакка кирүү кагазымды өзгөртө аламбы?**

**Жооп:** Сынакка кирүү кагазы өзгөртүлбөйт.

## БЕТМЕ-БЕТ СЫНАК БОЮНЧА

**12. Бетме-бет сынак качан жана кайда өтөт?**

**Жооп:** Бетме-бет сынак № 99 кесиптик лицейде өтөт.

**13. Сынак күнү эмне кылышым керек?**

**Жооп:** Талапкерлер өздөрү менен чогуу төмөнкү документтерди алып келиши керек:

- Сынакка кирүү билети
- Жеке күбөлүк же жарактуу паспорт (чет өлкөлүк талапкерлер үчүн студенттик билет)

Талапкерлер сынак өтүүчү жайга сынак башталганга чейин **30 мүнөт эрте** келип туруусу шарт. Сынак башталгандан кийин кечигип келгендер киргизилбейт.

**14. Сынакка даярдануу үчүн алдын ала окушум керекпи?**
**Жооп:** Сынак төмөнкү жөндөмдөрдү баалоого багытталган:

- Аналитикалык ой жүгүртүү
- Маалыматтарды окуу жана чечмелөө
- Проблеманы аныктоо
- Критикалык ой жүгүртүү
- Изилдөө жөндөмдөрү

Бул сынак билимди эмес, **логикалык ой жүгүртүү жана жөндөмдөрдү** баалоо максатында түзүлгөн.

**15. Бетме-бет сынакта канча суроо болот?**
**Жооп:** Сынакта төмөнкү предметтер боюнча **40 суроо** берилет:

- Математика
- Физика
- Алгоритм жана программалоо
- Жалпы билим

**16. Сынактын узактыгы канча убакыт?**
**Жооп:** Сынактын узактыгы **80 мүнөт (1 саат 20 мүнөт)**.

**17. Эгер өзгөчө кырдаал болуп калып, сынакка катыша албасам, кайра тапшырууга мүмкүнбү?**
**Жооп:** Сынак бир гана жолу өткөрүлөт, кошумча кайра тапшырууга мүмкүнчүлүк жок.

**18. Сынакты катталган мектептен башка жерде тапшыра аламбы?**
**Жооп:** Сынак **бир гана борбордо** өтөт, башка жерде тапшырууга мүмкүн эмес.

**19. Сынактын жыйынтыгы качан чыгат?**
**Жооп: 2025-жылдын 28-март күнү** жыйынтыктар катталган электрондук почта аркылуу жөнөтүлөт.

**20. Сынактын жыйынтыгын кайдан көрө алам?**
**Жооп:** Сиздин электрондук почтаңызга билдирүү жөнөтүлөт. Ошондуктан, **каттар бөлүмүн жана спам папкасын** байма-бай текшерип туруу керек.

**21. Кийинки этаптар тууралуу кантип кабардар болом?**
**Жооп:** Deneyap, Т3 фонду жана Билим Бишкек социалдык баракчаларын жана www.deneyap.org сайтынан кабар алып туруңуз.

**22. Сынака кирүү билети почта аркылуу жиберилеби?**
**Жооп:** Жок, билеттер **электрондук почта аркылуу жөнөтүлөт**.

**23. Сынак өтүүчү мектепти алдын ала барып көрүшүм керекпи?**
**Жооп:** Ооба, сынак күнү адашпоо үчүн мектепти алдын ала барып көрүп, дарегин текшерип коюу сунушталат.
**24. Сынак өтүүчү жайда буюмдарымды сактай аламбы?**
**Жооп:** Жок, сынак өтүүчү жайда буюмдарды сактоого уруксат берилбейт.
**25. Калем жана өчүргүч алып келсем болобу?**
**Жооп:** Ооба, талапкерлер калем, өчүргүч жана калем кыргыч ала алышат.
**26. Сынакка суу алып келсем болобу?**
**Жооп:** Ооба, бирок суу **этикеткасы жок тунук пластик бөтөлкөдө** болушу керек.
**27. Кол саат же акылдуу саат тагынса болобу?**
**Жооп:** Жок, саат жана акылдуу саат тагууга уруксат берилбейт. Убакыт тууралуу маалыматты сынак көзөмөлчүлөрү берип турушат.
Сынак тууралуу толук маалыматты **Deneyap Окуучу Тандоо Сынагынын жол-жобосунан** алсаңыз болот.